УДК:316.722
Искендербек кызы А.
*К.Тыныстанов ат ЫМУ*

# ДҮЙНӨЛҮК МАДАНИЯТТЫН КАЛЫПТАНЫШЫ, ТАРЫХЫ

*Макалада дүйнөлүк маданият тууралуу кеъири маалымат берилип, алардын кандай бөлүктөрдөн тургандыгы жана адамдардын ички рухий маданияты канчалык бийик болсо, анын ой-жүгүртүүсү, өнүгүүсү да ошончолук жогорку деъгээлде болору айтылат. Мындан сырткары, улуттардын маданияты биригип олтуруп, дүйнөлүк маданиятты түзөрү тууралуу сөз козголот.*

"Маданият" латын тилинен бизче которгондо, "кайра иштетүү" деген сөзүнөн келип чыккан. Маданият өзү татаал жана көп кырдуу болуп эсептелет. Маданият – бул адамдын чыгармачылыгын өндүрүү. Бул бүтүндөй адамзатка тарыхты, коомду чагылдырган, адамдардын өз ара мамилесинин тартиби болуп эсептелет. Адамдардын өз ара мамилеси, иш-аракети, тартиби ушунун бардыгы маданият болуп эсептелет. Маданияттын мүмкүнчүлүгү кең. Ал белгилүү бир орунда турбайт жана убакытка баш ийбейт. Маданият түрү боюнча экиге бөлүнөт: 1) материалдуу 2) рухий. Материалдуу маданият – адамга тиешелүү болгон талабына объективдүү кызмат аткарат, буга процесс, кубулуш, предметтер жана башкалар кирет. Рухий маданиятка ой, түшүнүк, идея, өнөр, шык, талант, намыс, искусство, салт жана башкалар кирет. Маданияттын бул эки түрү өз ара өтө тыгыз байланышта, бири-бирине таасир этип турат. Материалдык маданиятты коомдук өндүрүштөн алабыз. Анткени коом талап кылып жатат. Рухий маданият түрдүү формада калыптанган. Бул абдан көп түрдүү тарыхый шартка жараша өнүгүп турат. Аларга:

1. Адат – жүрүм-турумдун жазылбаган мыйзамдары.
2. Салт – муундан муунга узак убакыт бою сакталып келе жаткан процесс.
3. Норма – уруксат берилген же тыюу салынган эрежелер, мисалы: экологиялык, саясий, укуктук жана башка.
4. Баалуулук – бул өтө татаал жогорку деңгээлдеги өннүккөн рухий маданияттын бир түрү.

Адамдардын ички рухий маданияты канчалык бийик болсо, анын ой-жүгүртүүсү, өнүгүүсү бийик болот. Маданият – адамды айбанаттардан айырмалап турган касиет. Маданияттын типтери: маданият коомго жараша байыркы Рим маданияты, антикалык маданият, орто кылымдын маданияты, кайра жаралуу мезгилиндеги маданият, жаңы мезгилдеги маданият, XX кылымдагы маданият, азыркы маданият болуп каралат. Маданият мүнөзү боюнча диний жана диний эмес болуп бөлүнөт. Маданият функциясы боюнча: күнүмдүк, жалпы, кесиптик, жеке, группалык, классикалык, улуттук болот.

Философияда маданият эки жол аркылуу түшүндүрүлөт:

1. Аксиологиялык (баалуулук), башкача айтканда, адамдардын жөндөмдүүлүгүнө жараша баалуулугу.
2. Ишмердүүлүк – бул адамдардын иш-аракетинин бардыгы маданият болуп эсептелет.

Маданияттын негизи болуп эмгек эсептелет. Анткени, биринчиден, адамдардын айлана–чөйрөгө жасаган мамилеси, экинчиден, адамдардын өз ара мамилеси, үчүнчүдөн, адамдардын жеке өзүнө болгон мамилеси болуп саналат. Маданияттын субъектиси болуп адам эсептелет. Бул адам жөндөмдүүлүгүнүн бардык функциясын өзүнө камтыйт. Маданият жандуу сфера болуп эсептелет. Маданият өзүн-өзү байытып турушу үчүн дайыма синтезделип турушу керек. Маданияттын генезиси, калыптануусу өткөн мезгилдин баалуулуктарын трансформациялап, келечекке өткөрүп берет.

Маданият – бул дүйнөнүн элчиси. Маданияттын дүйнөнү сактап калуудагы ролу бул баарынын объективдүү информациялынышы, элдердин ич ара бири-биринин жашоосу менен таанышуусу, өз ара түшүнүү жана биримдикте болуусунун деңгээлин көтөрүүдө болуп эсептелет. Жер шарынын элинин өсүшү, мамлекеттердин көбөйүшү, материалдык

жана интеллектуалдык ресурстарга болгон муктаждык, айлана-чөйрөнүн булганышы, өлкөлөр ортосундагы өнөр жайдын өсүшү же артта калышынын диспропорциясы, илимий-техникалык өсүүнүн ылдамдыгы жана башка бардык процесстер маданияттын өнүгүшү менен тыгыз байланышта. Дүйнөлүк маданияттын концепциясы адамдарды шыктандыруучу магистралдуу идеяга – адамзаттын маданият баалуулуктарын сактоо жана өнүктүрүүгө багытталган. Адамзаттын биригүүсүнө эң чоң каражат катары кызмат кылууга жөндөмдүү эбегейсиз, чоң күч коюлган. Чындыгында, маданият гумандуулука каршы максатта пайдаланышы да мүмкүн. Прогрессивдүү кызматында, башкача айтканда, оң кызматында ал адамдарды чыгармачылыка, коомчулуктун байланыш мамилесинин ишке ашышына, анын сезимдерин жана интеллектисин байытууга шыктандырат. Маданият бардык кызыкчыларды бириктирүүгө, калыптандырууга жана дүйнө коомчулугунун бузулуусун жеңип өтүүгө жөндөмдүү.

Маданият – башка элдер үчүн ачык эшик. Балким, биз улуттук калкалануударды жана чек араларды жиреп чыгуучу жаңы, бүткүл адамзаттык, дүйнөлүк маданияттын жаралуу булагында болушубуз мүмкүн. Бул - жаңы коомдук объективдүү белгилер ар түрдүү маданияттын синтези, адамдардын рухий кызыкчылыгынын көп түрдүүлүгүн жана эффективдүү механизмдерин колдонуп иштелип чыгуучу адамзаттык маданият. Бирок бул масштабдуу жана гумандуу түшүнүүнү мүнөздөйт. Ал ар кайсы улуттардын тажрыйбасы, улуттук маданияттардын аракетешүүсүнүн натыйжасында байыйт. Дүйнөлүк маданияттын негизги жетишкендиги – анын интеллектуалдык потенциалы жана тарыхый оптимизми, ошондой эле ал бүт дүйнөнүн элдерин өзүнө тартуучу, кызыктыруучу, бүткүл адамзаттык маданияттык баалуулуктарды өздөштүрүү ченемдери аркылуу өнүгөт. Элдердин руханий баарлашуусунун эффективдүү каражаты катарында ал XX кылымдын куру кыял, элестеринде, тактап айтканда, эмгек, саясат, тоталитардык режимдерди жеңип чыгууда активдүү роль ойногон. Дүйнөлүк маданияттагы пикир келишпестиктер ар бир өлкөнүн экономикалык жана маданияттык өнүгүш деңгээлине же демократиялык башкарууга кечирээк киришине байланыштуу. Көптөгөн келишпестиктер маданияттын кыймылын токтотуучу өлкөлөрдү “өнүккөн” же “өнүкпөгөн” деп бөлүүчү консервативдүү (прогресске каршы) саясаттын таасирине негизделет. Мамлекеттик ишмерлердин улутчулдугу, консервативдүүлүгү, руханий баалуулуктардын импортун жана экспортун токтотуучу руханий процесстердин татаалдыгын же ийкемдүүлүгүн кабыл алууга жөндөмсүздүгү маданият саясатында субъективдүү кемчилик болуп эсептелет. Бул учурда ошол элдин кайсы бир өлкө менен маданияттык кызматташтыгы жана башка элдердин маданияттык байлыктарын, таланттарын, тажрыйбасын колдонууга максаттуу, багыттуу тажрыйбасынын жоктугун да эске алуу керек.

Өз ара түшүнүү, бири-бирин угуу жөндөмдүүлүгү дагы деле болсо кризистик абалда. Планетаны кайра түзүүчү дүйнөлүк баатырлардын убактысы артта калды. XIX кылымдын коркунучтуу идеологиясы коомдук аң-сезимден жоюлууда. Азыркы учурда дүйнө жүзү биригүүгө аракет кылышууда. XX кылымдын аягы көрсөткөндөй, элдер бири-бири менен маданияттык байланышы жок жашай алышпайт. Анткени өз өзүнчө болгондо, руханий жактан жалгыз болуп калат. Негизгиси, дүйнөлүк маданияттык сезүү бул этностордун бири-бирине жакындоосуна эл аралык көпүрө болот. Глобалдуу масштабдагы кубаттуу интеграциялык тенденция маданиятты да өз кучагына алат деген айтымдар бар. Буларга адамдын руханий турмуш-тиричилигинин фундаменталдуу өзгөрүүсү жана бардык адам турмушунун сферасы кирет. Мунун жыйынтыгы болуп дүйнөнүн биригүүсүнүн кеңейиши эсептелет. Ушул эле учурда маданияттар аралык биримдүүлүктүн күчөшү, анын бири-биринен көз карандуулугу мурда болбогон проблемаларды жаратат. Дүйнөлүк байланыш – бул реалдуу бүтүндүк, бири-бирине өз ара сүңгүп кирүүсү болуп эсептелет. Адам жана адамзат биригүүдөгү коркунучту сезип турат. Бирок адамдар дүйнөнүн бардык адамдары тууган экенин кабыл алды жана үйрөнду.

XX кылымдын аягында ар бир эл дүйнөнүн маданияттык бөлүгү экендигин үйрөнүүгө мүмкүндүк алды. Чакан улуттар үчүн дүйнөнүн чек арасы кеңейип, ошол чакан дүйнөдөн өзүнүн өзгөчөлүгүн таанууда. Эгерде ал дүйнөлүк маданияттын тилинде

сүйлөбөсө да, аны сындоонун кажети жок. Анткени алардын мүмкүнчүлүгү же болбосо каалоосу ошондой.

Жаңы кылым келип, аң-сезим басым жасап башкара баштады. Бул ар бир улут же эле бир үй-бүлөгө тиешелүү, ошондой эле жалпы адамзаттык байланыш бышып жетилгендигин көрсөттү. Мурдагы эл дагы сактап келген бири-бирине шектүү, ишенимсиз караган түшүнүктөр жоголду. Улуу ойчул Сократтан бир жолу сурашкан экен: “Сиз кайсы жерден болосуз?”. Ал: “Афинаданмын”, -деп жооп бербей, “Ааламданмын”, -деген экен.

Маданият – бул адамдын ишкер чөйрөсү, өткөн кылымдан бери адамдарды, элдерди бириктирип, бири-бирин түшүнүүсүнө жол ачкан. Анын идеясы универсалдуу. Алар үчүн мамлекеттик, расалык, диний чек ара жок. М.Ганди бир жолу айткан экен: “Бардык өлкөнүн жана улуттардын маданиятынын шамалы менин үйүмдүн айланасында айланып турса, бирок кайсы бир шамал үйүмдүн чатырын учурбаса деп кыялданам” – деген экен. Диалектика азыркы социалдык жашоодо маданияттык мамилелердин сектанттуулуктун сарпындыларынан жана ар кайсы улуттун элдеринин маданияттык эстетикалык позицияларынын окшошуусунда өзүн көрсөтөт. Дүйнөлүк байланыш тажрыйбасын колдонууда эл аралык карым-катнаш маданияты калыптанат.

Азыркы учурда адамдардын аң-сезиминде гумандуу мамилелердин элементтери билинерлик көрүнүүдө. Анткени мамлекеттин, улуттун, элдин кызыкчылыктарын канагаттандырган, социалдык жана коомдук мүнөздү алып жүргөн инсандар арасындагы мамилеге муктаждыгы түзүлүүдө. Азыркы руханий өнүгүүнүн бири болуп жер жүзүндө жашагандардын бардыгынын бирин-бири сезүүсү болуп эсептелет.

Маданияттык коммуникация, тактап айтканда, руханий байлыктар менен алмашуу ар кандай чектерде, алканта болуп келген. Пикирлешүүсүз цивилизация да болмок эмес. Илгертен эле элдердин улуттук маданиятты түшүнүүсү руханий байлыкты түзүп келген. Бирок азыркы маданияттык коммуникация глобалдуу, бүткүл дүйнөлүк пикирлешүүгө жетип, регионалдуу жана бүткүл эле планетаны өз кучагына алды. Элдердин бирин-бири таануусу чоң бир гумандуулук багытка бет алды. Маданияттык коммуникация улуттук өзгөчөлүктёрдүн баарынын сакталышынан келип чыгат. Анын максаты – жалпы маданияттык баш аламан куру элестерди, руханий байлыктарды тепселөө эмес, алардын кайталангыс келбетин, образын сактоо менен улуттук маданиятты байытуу. Маданияттардын жакындашы менен элдердин улуттук тиричилиги өнүгүп-өсөт.

Мына ушул улуттардын маданиятынын кошулуусу менен дүйнөлүк маданияттын орду бекемделет. Дүйнө маданиятты жаратат, а маданият болсо дүйнөнү курат. Ошондуктан дүйнөлүк маданият өзүнө дүйнөнүн келечекте прогрессивдүү өнүктүрүүсүнө чоң жоопкерчилик алды. Анткени дүйнө жүзүнүн өнүгүшү маданияттын өнүгүшүнүн алкагында пайда болот. Ар бир этностун маданиятынын өнүгүшү, калыптанышы бул дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнүн жана калыптанышынын негизин түзөт.

**Адабияттар:**


1. Арнольдов А.И. Введение в культурологию. - М., 1993.
2. Костина А.В. Культурология. - М., 2006.
3. Каримова К.И. Культурология. - М.: Проспект, 2004.
4. Введение в культурологию. /Под ред. А.Н.Марковой. - М.: Культура и спорт, 1998.